***DOI:10.26104/NNTIK.2023.73.84.052***

***Тагайбекова А.А., Стамова Р.Д.***

# КЫРГЫЗСТАНДА КООМДУК ИЛИМДЕРДИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА «ОБЪЕКТИВДҮҮЛҮК» МАСЕЛЕСИ

***Тагайбекова А.А., Стамова Р.Д.***

# СТАНОВЛЕНИЕ ОБЩЕСТВЕННЫХ НАУК В КЫРГЫЗСТАНЕ И ПРОБЛЕМА «ОБЪЕКТИВНОСТИ»

***A. Tagaybekova, R. Stamova***

# FORMATION OF SOCIAL SCIENCES IN KYRGYZSTAN AND THE PROBLEM OF «OBJECTIVITY»

*УДК: 00.08:00.11(575.2) (04)*

*Кыргызстанда академиялык илимдин пайда болушу менен ар дайым билимге жана илимге пиетет менен мамиле кылган көчмөн элдин кыялы орундалды. Социологиянын тикенектүү жолу дегеле Кыргызстанда анын өнүгүшүндө эки мезгил бар. А.Табалдиев жетектеген «Элдердин гүлдөшүнүн жана жакындашуусунун диалектикасы» жамааттык эмгегинин тагдыры жөнүндө. Социологиянын өзүнчө дисциплина катары гүлдөшүнүн башталышы. Заманбап мезгилде «коомдук илимдер институттарын» ачуу жөнүндө. Изилдөөдө колдонулган методдор жөнүндө. «Объективдүүлүк» көйгөйү. Маданий кубулуштарды» объективдүү «изилдөө эмпирикалык байланыштар маанилүү болбогон коомдук илимдерде маанисиз. Илимий басылмалардагы илимий макалалардын ролу жөнүндө; басма маалыматтын канчалык деңгээлде илимий деп эсептелгендиги жана изилдөөнүн «объективдүүлүгү» жөнүндө.*

***Негизги сөздөр:*** *академиялык илим, Кыргызстан, коомдук илимдер, илимдеги объективдүүлүк, социология, илимий изилдөө, изилдөө методу, идеалдуу тип, баалуулуктар.*

*С возникновением академической науки в Кыргызстане, сбылась мечта кочевого народа, всегда относящегося к знаниям и науке с пиететом. Тернистый путь социологии вообще, в Кыргызстане, в частности, и два периода в его развитии. О судьбе коллективного труда «Диалектика расцвета и сближения народов» под руководством А. Табалдиева. Начало расцвета социологии как самостоятельной дисциплины. Об открытии, в современный период, «институтов общественных наук». О методах, используемых в исследованиях. Проблема «объективности». «Объективное» изучение культурных явлений бессмысленно в социальных науках, где эмпирические связи не важны. О роли научных статей в научных изданиях; о степени, в которой печатная информация считается научной, и «объективности» исследования.*

***Ключевые слова:*** *академическая наука, Кыргызстан, общественные науки, объективность в науке, социология, научное исследование, метод исследования, идеальный тип, ценности.*

*With the emergence of academic science in Kyrgyzstan, the dream of a nomadic people who always treat knowledge and science with reverence has come true. The thorny path of sociology in general, in Kyrgyzstan in particular, and two periods in its development. On the fate of collective labor «Dialectics of the flourishing and rapprochement of peoples» under the leadership of A.Tabaldiev. The beginning of the flowering of sociology as an independent discipline. About the opening, in the modern period, of «institutes of social sciences». About the methods used in research. The problem of «objectivity». The «objective» study of cultural phenomena is meaningless in the social sciences, where empirical connections are not important. About the role of scientific articles in scientific publications; about the degree to which printed information is considered scientific, and the «objectivity» of research.*

***Key words:*** *academic science, Kyrgyzstan, social sciences, objectivity in science, sociology, scientific research, research method, ideal type, values.*

Кыргыз элинин өзгөчөлүгү дайыма билимге умтулуу, билимдүү адамдарды урматтоо болуп келген. Көпчүлүктүн кыялы 1954-жылы ишке ашкан илимий борборун түзүүгө умтулуу болгон. Академиялык кыргыз илиминин уюштуруучуларынын бири академик А.А. Алтмышбаев болду, анын 110 жылдыгын биз өткөн жылы белгиледик. Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын институттарын уюштурууда уюштуруучулар бүткүл интеллектуалдык катмарды камтууга аракет кылышкан. [1, 37-38-бб.]. Бирок, биз марксизмдин идеологиясы Совет мамлекетин курууда үстөмдүк кылганын, көптөгөн багыттар объективдүү себептерден улам жеткиликсиз болгонун, ал эми көпчүлүгү максаттуу түрдө тоскоол болгонун унутпашыбыз керек. 1922-жылы экономикалык жана социалдык саясатты ачык сындаганы үчүн илимдин жана маданияттын 160 көрүнүктүү ишмери СССРден сыртка чыгарылып, социология жөнүндө айтсак, 1964-жылы гана Ленинград менен Москвада институттар уюшулгандыгы да унутулбайт.

Кыргызстандагы «коомдук илимдердин» пайда болушун, калыптанышын жана өнүгүшүн «Совет мезгилине» жана «Эгемендүүлүккө» ээ болгон мезгилдерге туура келет. Кыргыз мамлекетинин шартында илимий билимдин, окуу предметинин жана кесипчиликтин өз алдынча тармагы катары коомдук илимдердин калыптануусу кыйла кыйынчылыктар менен коштолду. Буга атайын илимий социалдык билимдин, даярдалган кадрлардын, илимий социалдык ой жүгүртүү салттарынын жоктугу жана XX кылымдын ичинде узак мезгил бою идеологиялашкан жана саясатташкан көп коомдук илимдердин үстөмдүгү таасирин тийгизип келди - дейт экономист, социолог, философия илимдеринин доктору, профессор Кусеин Исаев.

Буга макул болбоо мүмкүн эмес, анткени азыр-

кыга чейин көптөгөн коомдук илимдер менен, дегеле илим менен болгон кырдаал жагымсыз абалда. Кайра куруу мезгилинде башталган татаалдыктар Биримдиктин кулашы жана али бүтө элек өткөөл мезгил деп аталып, курчуп кетти деп ойлойбуз. Виртуалдаштырылган муун, популярдуу маданияттын шартында, аз окуган, тарыхты жана маданиятты билбеген, Батыштын баалуулуктарына баш ийген.

«Социология» термини, илимий түшүнүк жана социалдык реалдуулуктарды иликтөө ыкмасы катары Кыргызстанда XX жүз жылдыктын 60-жылдарында таланттуу изилдөөчү, илимпоз Асанбек Табалдиевдин) макалаларында пайда болгон. Анын демилгеси менен Кыргызстанда Улуттук Университеттин философия кафедрасынын алдында биринчи жолу социологиялык лаборатория 1966-жылы уюшулган. Улуттар аралык мамилелер боюнча тажрыйбага таянган социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, алардын натыйжасында философия боюнча кандидаттык жана бир докторлук диссертация даярдалган.

А. Табалдиевдин жетекчилиги астында авторлор жамааты тарабынан «элдердин гүлдөшүнүн жана жакындашуусунун диалектикасы» аттуу китеп даярдалды. Колдонмо социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасы болгон бул эмгек 1970-жылы ошол кездеги бийлик тарабынан өрттөлгөн. Кыргызстандагы бирдиктүү коммунисттик идеологиянын шартында социологиялык ой жүгүртүүнүн элементтери окумуштуунун ишмердүүлүгүндө, ал жарыялаган макалаларда жана сөздөрдө байкала баштады. Белгилүү болгондой, социология көптөн бери илимий статуска ээ болгон эмес. Ал тарыхый материализмге же социалдык философияга окшош каралат [2, 117-б.].

Кыргызстанда социологияны ачыкка алып чыгуу жана тийиштүү деңгээлине көтөрүү процесси жыйырманчы кылымдан 80-жылдарында активдешкен. Буга башкаруучу Коммунисттик партиянын көз караштарында, мамилелеринде жана чечимдеринде болуп өткөн социологиянын айланасындагы олуттуу өзгөрүүлөр; жалпысынан өлкөдө жана атап айтканда союздук республикаларда социологдорду баш коштуруу боюнча уюштуруу иштери, илимий борборлордо жана жогорку окуу жайларда окуу-илимий бөлүмдөрдү түзүү боюнча жана башка чаралар чечкиндүү даражада көмөк көрсөткөн.

«Совет коомунун социалдык көйгөйлөрүнүн олуттуу милдеттерин чечүүдө марксистик-лениндик социологиянын ролун жогорулатуу жөнүндө» КПСС БКанын атайын Токтому кабыл алынган, анда социологиялык изилдөөлөрдү кеңири өнүктүрүү жана анын натыйжаларын коомдук процесстерди башкарууда жана болжолдоодо, демократиялаштырууну жана маалымдуулукту тереңдетүүдө пайдаланууну түп тамырынан бери жакшыртуу боюнча программа берилген [2].

Элге билим берүү боюнча СССР мамлекеттик комитети «социологиялык кадрларды даярдоо системасын түзүү жөнүндө» 1988-жылы 26-сентябрда №296 буйругун чыгарган, ал эми 1988-жылы 16-сентябрда Социология бонча совет түзүлгөн. Элге билим берүү боюнча 1989-жылы 22-августагы СССР МКнын №685 буйругуна ылайык, жогорку окуу жайларга коом таануу билимин өркүндөтүү, «социология», «саясат таануу» сабактарын факультетивдик же милдеттүү негиздерде окутууну киргизүү жана илимизилдөө бөлүмдөрүн уюштуруу жолу менен адистерди гуманитардык даярдоо маселелерин чечүүдө социология мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууда чоң укуктар берилген. 1988-жылы социологиялык илимдин абалы жөнүндөгү маселе КПСС БКнын саясий бюросунда каралган. Кабыл алынган Токтомдо жакшы жылыштар аныкталган: социологияны окутуу өз алдынча сабак түрүндө киргизилип, доктордук жана кандидаттык диссертацияларды жактоо боюнча адистештирүү башталган. Жогорку окуу жайларында социологиялык бөлүмдөр, факультеттер жана лабораториялар ачылган [1, 119-120-бб.].

Бара-бара социологиянын иликтенген предметине, ошондой эле коомдук илимдердин системасында анын алган ордуна бир тараптуу көз караштар жоюлуп, башкача айтканда коомду социалдык таанып-билүүгө философиянын монополиясынан баш тартуу башталган болчу. Социологиянын ээлеген абалындагы негизги жылыштар төмөнкүдөн көрүнөт: социология коомдук таанууга ээ болуп, коомдук пикирди иликтөөгө жана массалык аң сезимдеги жылыштарга баа берүүгө адистешкен бир катар социологиялык борборлор түзүлгөн.

Демек, социалдык билимдерди жана илимдерди түп тамырынан бери кайра жаратуу, «социалдык илимдердин атому» катары социология боюнча кесипкөй адистерди даярдоо, улуттук социалдык-илимий ишмердикте туура ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрү үчүн социалдык шарттарды түзүү азыркы учурдагы кыргыз коомунун социалдык реалдуулуктарын социологиялык методология жана методика менен жөнгө салуу, социологдордун улуттук кызматташуусуна катышуу керек эле.

Азыркы учурда бардык ири – борбордук жана региондук жогорку окуу жайларда «Коомдук илимдер институттары» ачыла баштады. Себеби, бүгүнкү күндө коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдөн улам, мындай маселелрди бир багыттан улам изилдөөгө албастан, ар тармактуу карап чыгуу зарылдыгы келип чыгууда. Мындан улам, бул багытта адистерге болгон талаптан улам, күнүбүздө «коомдук илимдерге» болгон кызыгуу күчөдү десек жаңылышпасак керек.

Коомдук илимдер – бул коомду изилдөөгө арналган академиялык дисциплиналардын тобу. Илимдин бул тармагы адамдардын бири-бири менен өз ара

мамилесин, өзүн алып жүрүүсүн, маданият катары өнүгүүсүн жана дүйнөгө кандай таасир этерин изилдейт. Коомдук илимдер коомдун кандайча иштей тургандыгын түшүндүрүүгө жардам берет, экономикалык өсүштүн себептеринен жана жумушсуздуктун себептеринен тартып, адамдарды кубандырган нерселерге чейин. Бул маалымат өтө маанилүү жана ар кандай максаттарда колдонсо болот. Башка нерселердин катарында, корпоративдик стратегияларды жана мамлекеттик саясатты түзүүгө жардам берет.

Коомдук илим изилдөө багыты катары табигый илимдерден бөлөк, физика, биология, химия сыяктуу темаларды камтыйт. Коомдук илим физикалык дүйнөнү изилдөөнүн ордуна, адамдар менен коомдордун ортосундагы мамилелерди, ошондой эле коомдордун өнүгүшүн жана иштешин изилдейт. Бул академиялык сабактар чечмелөө жана квалификациялуу изилдөө методологиясына көбүрөөк таянат.

Ал эми бүгүнкү күндө коомдук илимдерди изилдөөдө колдонулган ыкмалар тартышылып келет. Кандай ыкма колдонсок «объективдүү» изилдөө жүргүзө алабыз деген суроонун алкагында көп деген жоопторду алсак болот. Менин пикиримде ар бир коом өзүнүн деңгээлине жана баалуулуктарына жараша илимий изилдөө иштерин жүргүзүшү тийиш. Анткени, бир коомду белгилүү бир идеалга салып, ошонун тегерегинде эле теория түзүп анализ жазайт турган болсок жана ошого шайкеш келген коомдогу болуп жаткан кубулуштар гана объективдүү болуп эсептелет. Анда ошол коом идеалдуу типке айланатта жана калган коомдорду ошол коомго жакындатуу аркылуу изилдөө жүргүзүлүп баштайт. Бирок, мындай изилдөө канчалык деңгээлде «объективдүү» жана туура болуп эсептелет. Себеби, ар бир коомдун баалуулуктары, койгон максаттары бар эмесби. Мисалы, Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестин алсак деле «Жамийла ошол коом түзгөн баалуулуктарына карышы чыгып, өзүнүн көздөгөн максаты үчүн күрөшүп, кийинки муундарга жаңы бир жол көрсөттү» деген бүгүнкү күндүн көз карашын бере алабыз. Бирок, Жамийланын мындай иш аракетти азыркы коомдо жакшы көз караш менен каралганы менен ошол мезгилдин баалуулуктарына, коомдун түзгөн эрежелерине туура келген эмес.

Ал эми ушул эле системаны коомдук илимдин үстүнөн карай турган болсок, эгерде коомдук илимдерге тиешелүү бир теория же изилдөө ыкмасын түзүп берсе, ушул тармакта изилдеп жаткан изилдөөчү ошол теорияларды же изилдөө ыкмасын колдонуу аркылуу «объективдүү» бир изилдөө жасайт тургандыгын айтышса, анда бул кичине баланын кийимин чоң эле бир адамга батпасада кийгизип койгондой болбойбу. Себеби, коом күн сайын өзгөрүп турат, ал эми коомдук илимдер ошол коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдү изилдегендиктен изилдөө ыкмасын жана теорияларын алдын-ала белгилеп, көрсөтүп коюу мүмкүн эмес.

Жогоруда айтылгандардан улам, коомдук илимдерде эмпирикалык байланыштар маанилүү болбогон маданият кубулуштарында «объективдүү» изилдөө маанисиз. Анткени, биз көп угуп жүргөндөй, маданий же руханий процесстердин «объективдүүлүгүн» бир дагы мыйзам так ачып бере албайт, бул процесс баалуулук идеяларына жараша чечилет [3, 385-б.].

Ошондой эле коомдук илимде изилдөө жүргүзүүдө «объективдүүлүк» маселесине кайрыла турган болсок, «объективдүүлүктү» сактоонун каражаты катары бүгүнкү күндө М. Вебер айткандай илимий журналдан басылып чыккан макалалар жана илимий эмгектер эсептелет. Мындай илимий эмгек жаратуу үчүн басмакананын шарттарына ылайык илимий ишиңдин түзүлүшүн ылайыктап, керектүү сумманы төлөсөң басып чыгарып берери шексиз. Бирок, канчалык деңгээлде басып чыгарылган маалымат илимий болуп эсептелет жана «объективдүү» көз караш менен изилдөө жүргүзүлгөндүгү чоң маселе бойдон калууда. Себеби, күнүбүздө илимий эмгек чыгаруу бул бир бизнеске айланып бараткандай. Керектүү суманы төлөсөң сенин ишиңди ошол тармактагы адистердин редакиялоосунан өткөрбөй, талкууга албай эле чыгарып берчүүдөй.

Албетте, бүгүнкү күндө технология жардамы менен илимий иштин өзүнө таандык, башка бирөөнүн ишин өзүнө алып албаганыңды далилдөөчү программалар жок эмес, бирок ошол программалар илимий иштин илимий экендигин жана «объективдүү» жазылганына кепилдик бере албашы анык.

Жогоруда айтылгандардан улам коомдук илимдердин милдети – жаңы көз караштарды жана концептуалдык курулуштарды тынымсыз издөө деп жалган жыйынтык чыгарбоо керек. Тескерисинче, коомдук илимдер концепцияны калыптандырууну жана аларды сындоонун негизги максат катары карап жана конкреттүү тарыхый байланыштардын маданий маани-маңызын таанып-билүүгө кызмат кылуу экендигин баса белгилейбиз. Себеби, коомдук чындыкты, илимдеги «объективдүүлүктү» изилдөөчүлөрдүн арасында «фактыларды жактоочулар» жана «маанини жактоочулар» дагы бар (Ф.Т. Фишердин терминологиясында). Фактыларды жактоочуларды маалымат каражаттары, статистикалык таблицалар, анкеталар сыяктуу эмпирикалык изилдөөлөр гана канааттандырат да, жаңы идеялардын калыптандыруу, пайдалануу аларга изилдөө үчүн жеткиликсиз. Ал эми, экинчи топтун жактоочуларын барган сайын «дистилляцияланган» ойлорду тынымсыз издөө менен фактыларга болгон табитин жоготууга алып келет. Ушул себептерден улам, коомдук турмушту изилдөөдө толугу менен «объективдүү» илимий талдоо жок. Себеби, «коомдук кубулуштар» өзгөчө жана «бир жактуу» көз караштардан көзкарандысыз, ошого ылайык, алар изилдөө объектиси катары

тандалып, талданууга дуушар болушат.

Күнүбүздөгү болуп жаткан озгөрүүлөрдөн улам коомдук илимдерге көңүл бөлүнө баштады. Мисалга алсак университеттерде эле эмес мамлекеттик мекемелерде соц адистердин жана соц комитеттинин жада калса, мектептерде соц педогоктордун муктаждыгы жаралып, бул кесиптин ээлерине талап жогорулоодо. Мындай муктаждык адамды коомго аралаштыруу жана окуучулар арасында карым катнашты, бири-бирине болгон мамилени түздөө болуп эсептелет. Тактап айтканда кандай гана коом же мамлекет болбосун белгилүү социалдык идеалдарга мүмкүн болушунча толугу менен ылайык келгидей кишинин белгилүү тибин калыптандырууга умтулат жана адамдарды жыныстык (эркек же аялдын өз ордун табышы), кесиптик (коомдун түрдүү чөйрөлөрүндө ишбирлиги катышуусу), саясый (мыйзамга баш ийген жарандардын калыптанышы) жана башка түрдөгү социалдаштырууга кызыгат. Ошол эле учурда, ар бир адам инсан катары өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого, бекемдөөгө жана ишке ашырууга умтулат. Бул максаттарды жана максаттарды билимсиз, айрыкча атайын билимсиз жана социалдык педагогикасыз ишке ашыруу реалдуу эмес.

**Адабияттар:**


1. Бүт өмүр илимге жана мамлекенттик кызматка арнаган. Академик Асылбек Алтмышбаевдин 110 жылдыгына карата. - Эркин-Тоо, 22 апель 2022, № 37-38.
2. Исаев К. Кыргызстандагы социология жана социология Кыргызстанда. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №5. - Б., 2018. - 116-123-бб.
3. Здравомыслов А.Г. Перестройка и усиление взаимодействия общественных наук. / Вопросы истории КПСС, №10, 1987.
4. Вебер М. «Объективность» социально-научного и политического познания // Вебер М. Избранные произведения. - М.: Прогресс, 1990. - С. 345-415.